Мектепте компьютердик бир класс бар, анда жалпысынан 12 компьютер 4 ноутбук бар, алар интернет булагына туташтырылган жана интерактивный доска бар, 1 проектор мугалимдер тарабынан колдонулуп келет. Ал эми мектептин ашканасы санитардык-гигиеналык нормага толугу менен жооп берет. 2018-жылы Кара-Булак айыл өкмөтүнүн жана Мерсико уюмунун каржылоосу менен ашкана толук капиталдык ремонттон өттү жана аристон, сууга филтр койулду. Ошондой эле санитардык-эпидемиологиялык нормаларды сактоо максатында мектептин негизги киребериш эшигине дезинфекциялоочу өтмөк коюлган.
Мектептин окуу китептерин электрондук вариантка киргизүү үчүн китепкана “Кемин келечек” фондунан айыл окмот аркылуу 200 мин сомго 8 компьютер алынып келди.
АРИС проектиси менен жана Кара-Булак айыл окмотунун каржылоосу менен Бейшеке айылына спорт зал курулган. Учурда мектеп окуучуларга дене тарбия сабагы ошол спорт залда өткөрүлөт. Ушул эле проекттин жардамы менен 2022-ж мектептин 0-кабатына ички даараткананалар, кол жуучу раковиналар, аристондор, жылыткычтар орнотулган. Мектептин кире беришине 8 кол жуучу раковиналар аристону менен орнотулган.